**УДК: 821.512.82.0** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.565**

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН “АК КЕМЕ” ПОВЕСТИНДЕГИ СИМВОЛДОРДУН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

*Уктамов Нодирбек Турдалиевич*
*ORCID: 0009000130970468*
*Коргонтөбө району*
*18-мектеп директору*
*Андижан, Өзбекстан*
*nodirbekoktamov1981@gmail.com*

# СИМВОЛИКА В ПОВЕСТИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «БЕЛЫЙ ПАРОХОД»

*Уктамов Нодирбек Турдалиевич*
*ORCID: 0009000130970468*
*директор средней общеобразовательной школы № 18*
*в Кургантепинском районе, Андижанская область, Узбекистан.*
*nodirbekoktamov1981@gmail.com*

# SYMBOLISM IN CHINGIZ AITMATOV’S NOVELLA “THE WHITE STEAMSHIP”

*Uktamov Nodirbek Turdalievich*
*ORCID: 0009000130970468*
*Director of School No. 18,*
*Korgontepa District Andijan, Uzbekistan*
*nodirbekoktamov1981@gmail.com*

***Аннотация***

*Макалада Чыңгыз Айтматовдун “Ак кеме” повести кыргыз адабиятынын классикалык үлгүсү катары жети жаштагы жетим баланын мифопоэтикалык дүйнө таанымы аркылуу адам менен табияттын гармониясы, салт-санаанын бузулушу, нравалык-ыймандык кризистер сыяктуу түбөлүк философиялык маселелерди терең чагылдырат. Чыгарма миф, фантазия жана реалисттик баяндоонун синтези аркылуу түзүлгөн: байыркы кыргыз легендасы Мүйүздүү Бугу-Эне жомогу менен заманбап кардон турмушунун карама-каршылыгы трагедиялык конфликтти жаратат.*

*Символикалык система чыгарманын идеялык өзөгүн түзөт: Ак кеме – тазалыктын, умуттун жана жетпес идеалдуу келечектин архетипи; дүрбү – дүйнөнү таанып-билүүнүн, умут менен чындыктын ортосундагы оптикалык-метафизикалык ажырымдын белгиси; портфель – билимдин, өсүүнүн жана үчтүк гармониянын т.а.бала – дүрбү – портфелдин символу; Мүйүздүү Бугу-Эне – табияттын энелик күчү, улуттук мурас менен экологиялык жоопкерчиликтин образы; үч саны – мифтик симметриянын (үч түтүн, үч короо, үч дүйнө, үч жомок, үч күндүк сюжет) жана анын бузулушунун – коомдук дисгармониянын көрсөткүчү.*

*Башкы каарман – “жөн гана Бала” – таза аң-сезимдин, балалыктын жана адамгерчиликтин универсалдуу символу катары чыгарманын трагедиялык борборун ээлейт.*

*Айтматов символдор аркылуу адамдын табияттан ажырашынын кесепеттерин, салттын жок болушун жана нравалык деградацияны сынга алат. Повест экологиялык, этикалык жана мифопоэтикалык өңүттөрдөн талданганда, турмуштун модернизациянын маданий-рухий зыянын ачып көрсөтөт. Окумуштуулар тарабынан миф менен заманбаптыктын синтези катары бааланган чыгарма адамзаттын түбөлүк изденүүсүн жана моралдык жоопкерчиликти ойлондуруп, дүйнөлүк адабияттагы экзистенциалдык-философиялык көркөм тексттердин катарына кирет.*

***Таяныч сөздөр.*** *Ак кеме, Мүйүздүү Бугу-Эне, символизм, бала, дүрбү, портфель, экология, миф, үч саны, трагедия.*

***Аннотация***

*В статье повесть Чингиза Айтматова «Белый пароход» рассматривается как классический образец кыргызской литературы, где через мифопоэтическое мировосприятие семилетнего сироты-мальчика глубоко раскрываются вечные философские проблемы: гармония человека и природы, разрушение традиций, нравственно-духовный кризис. Произведение построено на синтезе мифа, фантазии и реалистического повествования: древняя кыргызская легенда о Рогатой Матери-Оленихе (Марал-Эне) вступает в трагическое противоречие с современной жизнью лесного кордона, порождая основной конфликт.*

*Символическая система составляет идейный стержень произведения: Белый пароход — архетип чистоты, надежды и недостижимого идеального будущего; бинокль — знак познания мира, оптико-метафизического разрыва между надеждой и реальностью; портфель — символ знания, взросления и гармоничного триединства (ребёнок — бинокль — портфель); Рогатая Мать-Олениха — воплощение материнской силы природы, национального наследия и экологической ответственности; число три — мифическая симметрия (три дымка, три двора, три мира, три сказки, трёхдневный сюжет) и показатель её нарушения, ведущего к общественной дисгармонии.*

*Главный герой — «просто Мальчик» — выступает универсальным символом чистого сознания, детства и человечности, занимая трагический центр произведения.*

*Через символы Айтматов подвергает критике отрыв человека от природы, гибель традиций и нравственную деградацию. При анализе повести в экологическом, этическом и мифопоэтическом аспектах раскрывается пагубное воздействие модернизации на культурно-духовную жизнь. Высоко оценённая учёными как синтез мифа и современности, повесть заставляет задуматься о вечных человеческих поисках и моральной ответственности, занимая место среди экзистенциально-философских шедевров мировой литературы.*

***Ключевые слова:*** *Белый пароход, Рогатая Мать-Олениха, символизм, мальчик, бинокль, портфель, экология, миф, число три, трагедия.*

***Annotation***

*In the article, Chingiz Aitmatov's novella The White Ship (Ak keme) is examined as a classic example of Kyrgyz literature, where through the mythopoetic worldview of a seven-year-old orphan boy, it profoundly reflects eternal philosophical issues such as the harmony between man and nature, the disruption of traditions and customs, and moral-ethical crises.*

*The work is constructed as a synthesis of myth, fantasy, and realistic narration: the ancient Kyrgyz legend of the Horned Mother Deer (Müyzdüü Bugu-Эне) is contrasted with the grim realities of contemporary collective farm life, creating a tragic conflict.*

*The symbolic system forms the ideological core of the novella:*

*- The White Ship serves as an archetype of purity, hope, and an unattainable ideal future;*

*- The binoculars symbolize the means of knowing the world, as well as the optical-metaphysical gap between hope and reality;*

*- The briefcase represents knowledge, growth, and the harmony of the triad (the child – binoculars – briefcase);*

*- The Horned Mother Deer embodies the maternal power of nature, national heritage, and ecological responsibility;*

*- The number three acts as an indicator of mythic symmetry (three smokes, three courtyards, three worlds, three tales, three-day plot structure) and its violation, signifying societal disharmony.*

*The main character is simply called the Boy (“жөн гана Бала”) – occupies the tragic center of the work as a universal symbol of pure consciousness, childhood, and humanity.*

*Through symbols, Aitmatov criticizes the consequences of humanity's alienation from nature, the disappearance of traditions, and moral degradation. Analyzed from ecological, ethical, and mythopoetic perspectives, the novella reveals the cultural-spiritual harm caused by the modernization of life. Regarded by scholars as a synthesis of myth and modernity, the work prompts reflection on*

*humanity's eternal quest and moral responsibility, placing it among the existential-philosophical artistic texts of world literature.*

***Keywords:*** *The White Ship, Horned Mother Deer, symbolism, the Boy, binoculars, briefcase, ecology, myth, the number three, tragedy.*

**Киришүү.** Чыңгыз Айтматов – кыргыз адабиятынын дүйнөлүк деңгээлдеги улуу жазуучусу. Анын чыгармалары адамзаттын түбөлүк маселелерин – адамгерчилик, табият менен гармония, салт-санаа, келечек үмүттөрү – терең философиялык мааниде чагылдырат. “Ак Кеме” повести– Айтматовдун эң белгилүү чыгармаларынын бири.

Бул повестте жети жаштагы жетим баланын дүйнө таанымы аркылуу советтик доордогу коомдук өзгөрүүлөр, адамдын ички дүйнөсүндөгү карама-каршылыктар жана табияттын бузулушу сүрөттөлөт.

**Колдонулган методдор жана изилдөөлөр.** Макаланын маңызын ачып берүүдө аналитик методдорунан жана символдорго байланыштуу илимий макалаларга таянылды.

Жазуучу баланын жан дүйнөсүн ачууда табыяттагы жандуу жана жансыз предметтерди жандуу катары кабыл алып, алар менен кадимкидей сүйлөшүп, достошуп, эрмек кылып жашоосу көркөм сүрөттөйт.

Чыгармадагы жазуучунун чеберчилигинин дагы бир өзгөчөлүгү – символдордун байлыгында. Символдор чыгарманын түпкү идеясын тереңдетип, окурманды ойлондурат.

Символ бул – Кандайдыр бир түшүнүктүн, идеянын шарттуу белгиси катарындагы колдонуучу нерсе; Аракет ошол эле образ. [1.434]

**Негизги жыйынтыктар жана аларды талкуулоо.** Повесттин аталышы өзү эле башкы символ – Ак кеме. Бул кеме баланын кыялындагы үмүттүн, келечектин жана тазалыктын образы. Бала Ысык-Көлдө сүзүп жүргөн ак кемени дүрбү аркылуу карап, анда матрас атасы иштейт деп ойлойт. Изилдөөчү Айнура Кадырманбетованын Ак кеме жөнүндөгү “Жазуучунун көркөм иликтөөсүнүн объектиси болгон ар бир окуя, ар бир көркөмдүк деталь өзүнүн ой сыймдуулугу, философиялык маани-маңызына каныктырылгандыгы менен өзгөчөлүктүү”-деген баасы таамай айтылгандай, чыгарманын символикалык маанилери көркөм тексттин эстетикасын тереңрээк ачып көрсөтөт.[2.354] “Ак кеме – актыктын, тазалыктын, келечектин символу” деп сүрөттөлөт. Бала кемени көрүп, өзүнүн жалгыздыгын унутат жана келечекке үмүттөнөт.

Бала кемеге жетүүнү кыялданат, ал кеме анын ички дүйнөсүндө идеалдуу жашоону билдирет. Бирок чыгарманын аягында бала сууга чөккөндө, кеме жетпес алыстыктын символуна айланат. Бул – коомдун пессимисттик көрүнүшү: үмүттөр ишке ашпай калат. Символдун тереңдиги – кеме бала үчүн ата-эненин ордун басат, анткени ал жетим.

Ак кеме – адамзаттын түбөлүк изденүүсүнүн метафорасы. Айтматов бул символ аркылуу табияттын жана адамдын гармониясын бузган коомду сынга алат. Бала кемеге жетүү үчүн балык болуп сүзүүнү каалайт, бул – мифтик трансформацияны эске салат.

Повестте баланын эң жакшы көргөн буюму – дүрбү. Ал дүрбү аркылуу алысты жакын кылып көрөт. Профессор Абдыкерим Муратовдун “Ак кеме” повести боюнча 10 факты атуу маалыматтарында “Дүрбү – алысты жакын, жакынды алыс кылып көрсөтүүчү оптикалык прибор гана эмес, ал дүйнөнү таанып билүүнүн символу” деп айткан. [3.] Бала дүрбү менен ак кемени, тоолорду, жаныбарларды карайт, бул анын кызыгуусун жана билимге умтулуусун көрсөтөт. Бала дүрбүсүн досум деп эсептейт. Повестте дүрбү баланын жалгыздыгынан чыгуунун куралы. Ал дүрбү менен жаңы дүйнөнү көрөт, башкача айтканда мисалы, кемени жакындатып көрөт. Бирок дүрбү да жетпес нерселерди көрсөтөт, бул – үмүт менен чындыктын ортосундагы карама-каршылык.

Демек, дүрбү – билимдин жана көз караштын символу. Айтматов бул аркылуу баланын ички дүйнөсүн ачат. Дүрбү повесттин структурасында маанилүү: ал аркылуу окуялар сүрөттөлөт. Символдун философиялык мааниси – адам дүйнөнү өз көзү менен көрүшү керек, бирок коомдук басым аны бурмалайт.

Дагы бир символикалык белги катары балага Момун таятасы сатып берген китепкап т.а. портфель. Аны сатып берүүнү дүкөнчү таятасына сунуштаган эле.

-Карма, шалпаң кулак. -Дүкөнчү портфелди берип атып, көзүн кысты. -Жакшы окугун. болбосо таятаңы тартып, өмүр бою тоодон түшпөй жапайы каласың. [4.377]

Бала портфелин көтөрүп алып башкаларга сүйүнчүлөйт эмеспи. Баланын кубанычы койнуна батпайт. Биз портфелди – өсүүнүн жана билимдин ошондой эле турмуштун ак-карасын ажыратып калуунун, билимдин символу. Повестте портфель баланын мектепке баруусунун белгиси, ал аны менен сыймыктанат. Илимий фактыларга таянсак, портфель алынган күн – повесттин үч күндүк окуясынын биринчиси. Бала портфелин “үчөөбүз” деп эсептейт: өзү, дүрбүсү, портфели. Бул – баланын дүйнөсүндө билимдин ордун көрсөтөт. Бирок портфель да чыгарманын трагедиясында рол ойнойт: бала мектепке барбай, сууга чөккөндө ал артта калат.

Портфель – келечектин символу, бирок коомдук чындык аны бузат. Айтматов бул аркылуу билимдин маанисин жана анын жоктугунан келип чыккан кесепеттерди көрсөтөт. Символ үчтүктүн бир бөлүгү: бала, дүрбү, портфель – гармониянын белгиси.

Ошондой эле Мүйүздүү Бугу-Эне – табияттын жана салттын символу катары берилген. Повесттин мифтик бөлүгү – Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү жомок. Бугу-Эне – кыргыз элинин теги, табияттын энелик символу. Повестте: “Мүйүздүү Бугу-Эне” тууралуу жомок “Ак кеме” повестинин ажырагыс бөлүгү катары сүрөттөлөт. Бул жомок чыгарманын тамыры, огу десек да жаңылышпайбыз. Момун чал баланын таятасы бул жомокту небересине айтып берет. Жомокто Майрык Чаар Жез кемпир балдарды сууга түртүп жиберер алдынан суранып, сактап калат. Ошондо Майрык Чаар Жез кемпир Бугу – Энени “-Булар деген адам баласы. Чоңойсо бугучаларыңа ок атат” деп эскертет. Убагы келип алар көбөйүп, Бугу уруусунан тараган экендигин айтышып, өлгөн ата-энелеринин мүрзөсүнө он сегиз айры мүйүздүү Бугулардын мүйүзүн коюуну адатка айлантырышат. Бугу – Эне ошондо Майрык Жез кемпирдин сөзүн эстейт жана алардан таарынып алыска кетип калат.

Бугунун өлтүрүлүшү – повесттин кульминациясы. Орозкул Бугуну атат, бул – салттын бузулушу. Бала жомокту укканда эле бугуну “Эне” катары кабыл алат. Анын балык болуп сүзүп кетишине да Бугуну таятасы өзү эне катары сүрөттөп айтып бербеди беле. Бала ыстымалап чыкканда таятасы өз колу менен казанга бышырып жаткандыгын, анын мүйүздөрү чабылып казандын башында турганын көрөт. Баланын кыялында “Эне” адамзаттын колунан өлтүрүлдү да. Баланын түшүнүгүндө да бул өз баласынын энесине кол көтөрүлүшү эсептелет.

Бугу-Эне – табияттын гармониясынын символу. Айтматов бул аркылуу экологиялык маселелерди көтөрөт: адам табиятты талкалап, өзүнүн тамырын жок кылат.

Чыгармада үч саны гармониянын жана симметриянын символу болуп эсептелет. Бул тууралуу изилдөөчүлөр повестте үч сан маанилүү экендигин баса белгилеп: “Кордондо жашагандар үч түтүн; үч короо; үч эркек; үч аял” деп сүрөттөйт. Бирок повестте ал бузулат, бул – коомдук дисгармониянын символу.

Бала – Балалыктын жана таза аң-сезимдин символу. Айтматов бул аркылуу коомдун жамандыгын көрсөтөт. Анын аты жок, жөн гана Бала. Бул – балдардын жалпы образы.

Бала таштар менен сүйлөшөт, жаныбарларды жакшы көрөт. Анын өлүмү – чыгарманын трагедиясы. Бала – таза аң-сезимдин символу. Орозкул – жамандыктын, бийликтин жана ырайымсыздыктын символу. Момун чал – акылмандыктын символу. Момун – салттын сакчысы, жомок айтуучу.

Суу жана Ысык-Көл – трансформациянын символу. Суу – бала үчүн үчүнчү дүйнө, балык болуу – качуу. Бала сууга чөкөт. Таштар жана өсүмдүктөр – достуктун символу. Бала таштар менен сүйлөшөт. Жалгыздыктын символу.

Карагай Токой – экологиянын символу. Токойдун кыйылышы – табияттын талкаланышы.

Изилдөөдө Чыңгыз Айтматовдун “Ак кеме” повестинин символикалык системасы терең талданды. Негизги символдор – Ак кеме, дүрбү, портфель, Мүйүздүү Бугу-Эне жана үч саны – чыгарманын идеялык өзөгүн түзүп, адам менен табияттын гармониясын, салт-санаанын бузулушун жана нравалык-ыймандык кризистин философиялык маңызын ачып берет.

- Ак кеме – тазалыктын, үмүттүн жана жетпес идеалдуу келечектин архетипи катары баланын ички дүйнөсүндө ата-эненин ордун басат, бирок аягында жетпес алыстыктын метафорасына айланат.

- Дүрбү – билимге умтулуунун, дүйнөнү таанып-билүүнүн жана үмүт менен чындыктын ортосундагы оптикалык-метафизикалык ажырымдын белгиси.

- Портфель – өсүүнүн, билимдин жана үчтүк гармониянын (бала – дүрбү – портфель) символу; келечектин үмүтү болуп, коомдук чындык тарабынан бузулат.

- Мүйүздүү Бугу-Эне – табияттын энелик күчү, улуттук мурас жана экологиялык жоопкерчиликтин образы; анын өлтүрүлүшү салттын жана гармониянын кыйрашынын кульминациясы.

- Үч саны – мифтик симметриянын (үч түтүн, үч короо, үч дүйнө, үч жомок, үч күндүк сюжет) жана анын бузулушунун – коомдук дисгармониянын көрсөткүчү.

Башкы каарман – “жөн гана Бала” – таза аң-сезимдин, балалыктын жана адамгерчиликтин универсалдуу символу катары трагедиялык борборду ээлейт. Миф, фантазия жана реализмдин синтези аркылуу повесть советтик модернизациянын маданий-рухий зыянын, адамдын табияттан ажырашынын кесепеттерин жана нравалык деградацияны ачык сынга алат. Изилдөөчүлөрдүн баалоосу боюнча, чыгарма миф менен заманбаптыктын органикалык биримдигинин классикалык үлгүсү катары дүйнөлүк адабияттагы экзистенциалдык-философиялык тексттердин катарына кирет.

**Корутунду**

“Ак кеме” повести – кыргыз адабиятынын гана эмес, дүйнөлүк адабияттын көркөм-философиялык шедеври. Айтматов символдордун бай системасы аркылуу адамзаттын түбөлүк маселелерин – табият менен гармонияны сактоо, салт-санааны урматтоо, нравалык жоопкерчиликти – баланын таза көз карашы менен чагылдырып, окурманды терең ойлондурат.

Чыгарма советтик доордогу коомдук өзгөрүүлөрдүн адамдын ички дүйнөсүнө жана табиятка тийгизген зыянын көрсөтүп, экологиялык, этикалык жана мифопоэтикалык өңүттөрдөн талданганда өзгөчө актуалдуулугун жоготпойт. Бүгүнкү күндө да глобалдык экологиялык кризистер, маданий мурасты жоготуу жана нравалык баалуулуктардын бузулушу маселелери курч турганда “Ак кеме” бизге адам табияттан ажырабай, салтын сактап, келечек үчүн үмүттү жоготпошу керек деген түбөлүк чакырыкты жөнөтөт.

Айтматовдун чеберчилиги – символдордун тереңдигинде жана баланын образынын универсалдуулугунда. “Ак кеме” окурманды жөн гана окутпастан, адамгерчиликтин үлгүсү катары тарбиялайт, келечекти ойлондурат жана таза аң-сезимди сактоого үндөйт. Бул повесть – кыргыз элинин руханий мурасынын алтын казынасы жана адамзаттын түбөлүк изденүүсүнүн күзгүсү.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз тилинин сөздүгү. Биринчи бөлүк. – Б.: “AVRASYA PRESS” 2016. 2016. -891 б.
2. Айтматов энциклопедиясы: Портреттер, илимий макалалар, эскерүүлөр, ырлар, каттар, маалыматтар, документтер, сүрөттөр ж.б. I том: А-Ж/ А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. Экинчи бас. – Б.: “Турар”, 2018. – 971 б.
3. Чыңгыз Айтматов: “Окурмандын китеп текчеси” сериясы. 25-том./Түз.А.Кадырманбетова. -Б.: “Кут бер”, 2017. -640 б.
4. https://sputnik.kg/20180407/ak-keme-povesti-tuuraluu-kyzyktuu-10-fakty-1038556725.html